# ИНФОРМАТИКА ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА ЭЛЕКТРОНДУК МААЛЫМАТТАМА-СӨЗДҮК ТҮЗҮҮ ЖАНА АНЫ ПАЙДАЛАНУУНУН ЫҢГАЙЛУУЛУГУ

**КУЛМАНБЕТОВА С.М.**
biblionsu@rambler.ru

Коомдогу тез өнүгүп жаткан маалыматтык технологиялар билим берүү процессине да таасирин тийгизди. Себеби, маалыматтык коом, компьютердик сабаттуулук деген түшүнүктөр өтө тездик менен өнүгүп, өз талабын коё баштады. Компьютердик технологияларды окуу процессине киргизүүнүн талаптарын жана анын окуучунун билимине тийгизген таасирин изилдөөдө, маалымат алуунун чектелбеген мүмкүнчүлүгүнөн улам окуучунун мектепке караганда сырттан көп маалымат алаары далилденген [1]. Коомду маалыматташтыруу деген адамзаттын бүт жашоосун кайра куруу же маалыматты так, өз убагында колдонууга үйрөнүү, башкача айтканда маалыматтык компетентүүлүктүн, сабаттуулуктун болушун талап кылат. Билим берүүнүн негизи жалаң гана билим, көндүм, жөндөмдүүлүктү камтыбастан, окуучунун ушул касиеттерин кеңейтүү жана өркүндөтүү да камтылышы керек [3].

XX кылымдын 80-жылдарынан баштап коомдо электрондук эсептөөчү машиналарды (ЭЭМ) билим берүү процессине киргизүүнүн актуалдуулугу келип чыккан. Эгер ЭЭМ буга чейин илимий-техникалык өнүгүүнүн бир жаңылыгы катары эсептелип келсе, эми эсептөөчү машиналар билим берүүнүн ажырагыс бөлүгү болоору айтыла баштаган. Жаштардын ЭЭМди ар тараптуу жана терең өздөштүрүүсү алардын илимдин негиздерин таанып билүүсүнүн эффективдүү куралы болоору жана илимий-техникалык прогресстин дүркүрөп өнүгүшүнө шарт түзүлөрү аныкталган [2].

Жогоруда айтылгандай билим берүүнүн жаңы сапаттык көрсөткүчүнө жетүү жана билим берүүнү маалыматташтыруу үчүн, окутуунун салттык методдорун оптималдаштыруу, тез өнүгүп жаткан технологиялардын коомуна даяр адамды тарбиялап чыгаруу керек. Ошондой эле азыркы заманга ылайык компьютер техникаларын жана маалымат технологияларын натыйжалуу пайдалана билүүнү келечектеги кесип ээлерине жана окуучуларга үйрөтүү мезгилдин талабы.

Азыркы учурда технологиялык революциянын кезектеги этабы – маалыматтык коомдун калыптануусу жогорулоодо. Азыркы маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар (мындан ары – МКТ) продуктыларды чыгаруу ыкмаларын жана кызмат көрсөтүү түрлөрүн эле эмес, бош убакытты өткөрүүнү, балдарды тарбиялоону, жарандык укуктарды ишке ашырууну да олуттуу өзгөртөт. Маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар коомдун социалдык түзүлүшүндөгү, билим берүүдөгү, экономикадагы жүрүп жаткан өзгөрүүлөргө, демократия институттарынын өнүгүшүнө чечүүчү таасир көрсөтөт.

Мамлекеттин да, жеке адамдын да иш-аракети алардын маалыматтуулугуна, илим-билимге ээ болуусуна, маалыматты натыйжалуу пайдалануу жөндөмдүүлүгүнө улам көбүрөөк көз каранды болууда. Өзүнүн функционалдык мүмкүнчүлүктөрү менен бүгүнкү күндө компьютер билим берүү тармагында негизги каражаттардын бири болуп калды. Ошол себептен маалыматтык технологиялар жөнүндө терең билими жок колдонуучу үчүн иштегенге оңой жана ыңгайлуу программалык каражаттарды түзүү мезгилдин талабы.

Компьютердик технологияларды үйрөнүүнү жана өзүнүн кесиптик иш-аракетине колдонууну каалаган колдонуучулардын талабы күн санап өсүүдө. Демек, компьютер менен иштөөдө компьютер деген эмне, ал кантип иштейт (маселени чечүү үчүн керектелүүчү аппараттык жана программалык жабдыктар ж.б.) деген жалпы түшүнүктөрдү билүү керек.

Маалыматтык технологиялар жөнүндө кыргыз тилинде жазылган китептердин саны жетишээрлик болсо дагы ар бир эле колдонуучу ал китептерди колдоно бербейт. Кыргызстанда чыккан информатика жөнүндөгү китептер компьютердик технологиялардын кайсы бир бөлүгүнө


гана басым жасап, толук маалымат алууга кээде мүмкүн эмес. Текстти терүү, сактоо, сырткы түзүлүштөргө чыгаруу, сүрөттөр менен иштөө, музыка жаздыруу сыяктуу көндүмдөрдү бардыгы билет, Интернеттен бардык суроого жооп тапса болот, бирок андагы маалыматтар кыргызча эмес жана бардыгы бир жерде топтолбогон, жетиштүү эмес. Демек маалыматты башка маалымат булактарынан издөө керек. Ушундан улам компьютердик терминдердин электрондук маалыматтама-сөздүгүн түзүп чыгууга аракет жасадык.

Бул тема абдан актуалдуу, себеби азыркы учурда электрондук окуу куралдарын түзүү тез темпте өнүгүп, ал үчүн жогору квалификациялуу адистер талап кылынат. Электрондук окуу куралдары эмне үчүн актуалдуу?

Биринчиден, бир нече окуу китебин көтөрүп жүрүүнүн ордуна бир флеш-картаны алып жүрүү жеңил.

Экинчиден, колдонуучулар өздөрү каалаган программанын жардамы менен электрондук маалыматтама түзүп алып, даярданса болот жана колдонуучу окуу материалын кененирээк өздөштүрөт.

Ошол себептен информатика предмети боюнча электрондук маалыматтама-сөздүктү түзүү идеясы бүгүнкү учурдун негизги талаптарынын бири. Интернетке жайгаштырылса ЭМСтү бардык колдонуучулар колдоно алат, иштегенге оңой, материалдарды принтерден чыгарып алууга болот. Электрондук маалыматтама-сөздүк окуучуларга жана студенттерге өз алдынча иштерди аткарууга, материалдарды терең өздөштүрүүгө жардамы тиет (1-сүрөт).




1-сүрөт.

Биздин максат бардыгына керек жана жардамы тие турган электрондук куралды түзүү. Электрондук сөздүктүн теориялык жана практикалык мааниси абдан чоң, себеби колдонуучулар үчүн информатика предметин өздөштүрүүдө кошумча материал катары кызмат кылат. Мындан тышкары информатика илими боюнча бөлүмдөрдөн сырткары сөздүктө орусча, англисче түшүнүктөр кошо камтылган. Окуу материалын өздөштүрүүдө керектүү маалыматты компьютердик технологияларды колдонуп издөө эң майнаптуу жолдордун бири. Эгер ошол предметтен электрондук колдонмолор түзүлгөн болсо жана ал материал Интернетте жайгашкан болсо, убакытты үнөмдөгөнгө жардамы тиет.

Электрондук маалыматтык колдонмо – бул окуу предметинин толук же кайсы бир бөлүгүн камтыган, автоматташтырып окутууга багытталган виртуалдуу система.


**Электрондук маалыматтык колдонмонун артыкчылыгы**

1. Сөздүктө терминдер жөнүндө түшүнүктөр жөнөкөй жана жеткиликтүү берилген;

2. Колдонуучу түшүнүктөрдүн каалагынын принтерден чыгарып алса болот;

3. Сөздүккө маалыматтарды кошумчалоого жана өзгөртүүгө болот (ал үчүн HTML программалоо тилин же FrontPage программасында иштөө жетиштүү).

4. Маалыматтар көп убакытка сакталат жана эстен көп орун талап кылынбайт.



Электрондук сөздүктөгү гипербайланышты колдонуп керектүү маалыматты тез табууга болот, бул мезгилден артта калбас үчүн маалыматтык компетенттүүлүккө, маалыматты туура пайдалануу, издөө, маалыматты иштетүү сыяктуу аракеттерди туура өздөштүрүүгө жардамы тиет деген ойдобуз.

Пайдаланылган адабияттар:


1. Новые информационные и педагогические технологии в системе образования/под.ред Полат Е.С – М. Академия 2001 271 б.
2. Токтом №271 28.03.1985-ж. ЦК КПСС жана СССР Жаштар Союзу «Окуучуларды компүтердик сабаттуулукка үйрөтүүнүн талаптары жана ЭЭМди окуупроцессине киргизүү жөнүндө»
3. Концепция информатизации образования/под.ред. А.П.Ершова М. 1988г.
4. Бримкулов У.Н., Өмүралиев А.С., Бабак В.Ф. Компүтер жана Интернет. Энциклопедиялык окуукуралы Бишкек 2004-ж.
5. Өмүралиев А.С. Маалыматтар технологиясы. КТМУ Бишкек 2002.